


10

## “Манаста” мен жаңыдан университетти бүткөндөй болдум

*Кино – бул искусство. Өзүнө философиялык идеяны камтыган, турмуштун чындыгын чагылдырган бир мазмун. Аны көрүүчүлөргө тартуулоо – чыгармачылык жана уюштуруу ишин талап кылган татаал процесс.*



09

## Кышкы туура тамактануу тууралуу маанилүү кеңештер

*Кышында аба ырайынын сууктай баштаашы менен ошол эле суук тийүү, бронхит, сасык тумоо сыяктуу оорулардын күч алышы байкалат.*



12

## Кыргызстанда кышкы туризм

*Кыргызстан өзүнүн бай тарыхы менен гана эмес, тоолуу кооз жаратылышы менен да дүйнөнүн ар кайсы бурчунан миңдеген туристтерди өзүнө тартып турат. Кыштын келиши менен ак кар жамынган Тянь-Шандын этегиндеги лыжа тебүүчү жайлар жергиликтүү жана чет элдик туристтерди тосуп алат.*


# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ   ДЕКАБРЬ 2021 - ЯНВАРЬ 2022 / 83-ЧЫГАРЫЛЫШ   WWW.MANAS.EDU.KG














# КТМУда Түрк тилдүү мамлекеттердин эл аралык илим фестивалы болуп өттү


КТМУнун ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан алган сыйлыктар 04

КТМУ кызматташуу аракеттерин кеңейтүүдө 06



# КТМУда Түрк тилдүү мамлекеттердин эл аралык илим фестивалы болуп өттү

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) Түрк тилдүү мамлекеттердин эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына, Түркия Республикасынын мамлекеттик гимнинин кабыл алынышынын 100 жылдыгына жана университетибиздин 25 жылдыгына карата "Түрк тилдүү мамлекеттердеги коомдук трансформациялар" аттуу эл аралык илимий фестиваль өткөрүлдү.***

**КТМУ**нун жетекчилиги астында уюштурулган жана 16 жогорку окуу жайдын академиялык кызматкерлери катышкан бул иш-чара 2021-жылы 21-декабрда университеттин Экономика жана башкаруу факультетинде жайгашкан К.Тыныстанов жыйындар залында өткөрүлдү. Аталган иш-чаранын ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов, Азербайжандын Кыргызстандагы толук жана ыйгарым укуктуу элчиси Латиф Сейфаддин оглы Гандилов, КТМУнун ректору, проф.,докт. Алпаслан Жейлан, КТМУнун биринчи проректору, проф.,докт. Асылбек Кулмырзаев, Афён Кожатепе университетинин ректору, проф.,докт. Мехмет Каракаш, Анкара Коомдук илимдер университетинин ректору, проф.,докт. Муса Казым Арыжан, Селчук университетинин ректору, проф.,докт. Метин Аксой, Анкара Йылдырым Беязыт университетинин проректору, проф.,докт. Саит Окумуш, Мехмет Акиф Эрсой изилдөө борборунун жетекчиси, доктор Мехмет Доган, Түркия жазуучулар союзунун башкы катчысы доц.,докт. М.Энес Кала, академиялык кызматкерлер, студенттер жана басма сөз өкүлдөрү катышты.

Боордош эки өлкөнүн гимнинин аткарылышы менен башталган ачылыш аземи андан ары куттуктоо жана протокол сөздөрү менен уланды. Алгач сөз берилген КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов өз сөзүндө Түрк дүйнөсүнүн маанисине токтолду жана КТМУнун Түрк дүйнөсүнүн маанилүү борборлорунун бири экендигин баса белгиледи. Маданият министри, өзгөчө Түрк дүйнөсү чогулуп, ишке ашырган эң маанилүү иш-чаралардын бири катары Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына көңүл чордонун буруп, анын улуттук маданиятты жана улуттук спортту коргоо жана жайылтуу боюнча ЮНЕСКО тарабынан эң маанилүү иш-чара катары кабыл алынгандыгын айтып өттү. Ошону менен бирге Маданият министри Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ЮНЕСКОнун маданий мурастарынын тизмесине кирүүсүнө, дүйнөгө таанытылуусуна, Кыргызстандын илимин, маданиятын жана искусствосун өнүктүрүүгө, кыргыз жана түрк элдеринин достугун жана боордоштугун чыңдоого кошкон зор салымы үчүн КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейланга медаль тапшыргысы келээрин баса белгиледи.

Ал эми Түркия Республикасынын президенттик администрациясынын Коммуникация башкармалыгынын башчысы, ошол эле мезгилде КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, проф.,докт. Фахреттин Алтун өз билдирүүсүндө: «Түрк тилдүү мамлекеттердеги коомдук трансформациялар боюнча илим фестивалы ийгиликтүү аяктап, жемиштүү жыйынтыктарга жетишилет деген үмүттөмүн. Ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, университетибизде акыркы бир жарым жыл ичинде ректорлугубуздун жетекчилиги астында жүргүзүлүп жаткан иштердин өз натыйжасын бергенин көрүү жана университетибиздин QS рейтингинде Чыгыш Европадагы жана Борбордук Азиядагы эң мыкты 451 университеттин ичинде 156-орунду ээлегенин угуу биз үчүн абдан кубанычтуу жана сыймыктуу кабар болгондугун билдирип кетким келет. Биздин ийгиликтерибиз мындан ары да арта бере тургандыгына ишенебиз. Андан сырткары, кыргыз боордошторубузду жана жалпы эле Түрк дүйнөсүн, Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ЮНЕСКОнун маданий мурастар тизмесине кириши менен куттуктайм» деди.

КТМУнун ректору, проф.,докт. Жейлан болсо өз сөзүндө Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Советтер Союзунун кулашы менен эгемендүүлүккө жетишкенине 30 жыл болгонун, бул процессте көптөгөн алгылыктуу иштер жасалгандыгын, дагы көптөгөн ийгиликтердин биргеликте жаратылаарын билдирди. Ошентсе да буга чейинки жасалган иштердин жетишсиз экенин белгилеген ректор, проф.,докт. Жейлан: «Көбүрөөк иштешибиз, дагы көп күч-аракетибизди жумшашыбыз жана ушундай иш-чараларды көбүрөөк уюштурушубуз керек» деди. Өзгөчө КТМУнун Түрк дүйнөсүнүн Борбор Азиядагы эң маанилүү инвестициясы экенин белгилеген ректор, проф.,докт. Жейлан, коомдогу өнүгүүлөрдүн башаты адамдык ресурска инвестиция салуу экендигин, бул инвестициянын кайтарымы сөзсүз бир күн болоорун жана Манас үй-бүлөсү болжол менен 53 миң 650 мүчөдөн тургандыгын айтты. Ал Исмаил Гаспыралынын «Тилде, иште, ойдо биримдик» деген сөзүн эске салып, Гаспиралынын бул сөзүнүн алкагында келечектеги стратегиялык пландардын түзүлгөнүн белгиледи жана «Бул пландарды ишке ашыруу; бул ураан менен экономика, билим берүү жана социалдык тармактарда алдыга жылуу - биздин эң маанилүү милдетибиз» деди.

КТМУнун биринчи проректору, проф.,докт. Асылбек Кулмырзаев адамгерчилик түрк элдеринин жашоо философиясынын маңызын түзөөрүн баса белгилеп, КТМУ дагы мына ушул идеянын алкагында түзүлгөнүн белгиледи. Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси Сейфаддин Оглу Гандилов болсо баяндамасында түрк элдеринин көптөгөн тармактагы кызматташуусунун абдан маанилүү жана пайдалуу натыйжаларды бергендигине токтолуп, Түрк мамлекеттери уюмунун дүйнөлүк тынчтык жана биримдикке салым кошоорун, ошол себептүү түрк элдеринин жакындашуусунан эч кайсы өлкө тынчсызданбашы керектигин билдирди.

КР Президентинин кеңешчиси Бекбосун Бөрүбашев өзүнүн видео кайрылуусунда Кыргызстанда билим берүүгө чоң маани берилээрин, КТМУнун бул жаатта орду абдан чоң экенин, Чыгыш Европа жана Борбордук Азия QS (Quacquarelli Symonds) рейтингинде эң мыкты 451 университеттин арасында 156-орунга ээ болушу КТМУнун билим сапатынын далили экендигин баса белгиледи. Куттуктоо жана протокол сөздөрүнөн кийин конокторго белектер тапшырылды жана ачылыш аземи эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады.

## «Илим фестивалына 16 кызыкдар мекеме катышты»

КТМУнун ректор жардамчысы, фестивалды уюштуруу комитетинин төрагасы, проф.,докт. Мустафа Орчан аталган илимий иш-чара тууралуу кеңири маалымат берди. Анын айтымында бул илимий иш-чарага Босния-Герцеговинадан, Түндүк Македониядан, Европадан, Анадолу жана Азиядан 14 университет жана 2 ишкана болуп жалпы 16 мекеме катышкан. Бул мекемелердин арасында Түркиянын Анкара университети, Йылдырым Беязыт университети, Селчук университети, Хажы Байрам Вели университети, Түркия жазуучулар союзу жана Мехмет Акиф Эрсой изилдөө борбору сыяктуу Түркиянын алдыңкы окуу жайлары бар.





КАБАР: НУРМУХАММАД КЫЗЫ ГУЛДАНА
ФОТО: МЕДИАМАНАС





Аталган илимий иш-чара «Түркия улуу улуттук жыйыны жана гимн секциясы», «Кыргызстан секциясы» жана «Түркия секциясы» болуп жалпысынан 3 секциядан турат. Бул иш-чарага 7 өлкөдөн дээрлик 40 илимпоз жана эксперттер катышып, 35 баяндама жасалды. Катышуучулардын 10у Түркиядан болсо, 15 катышуучу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинен, ал эми калган 14 катышуучу башка өлкөлөрдөн келген. Илимий жыйналышта өзгөчө Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркия жана Түркмөнстан сыяктуу 6 түрк тилдүү мамлекеттин азыркы учурдагы экономикасы, ар тараптуу өнүгүүсү, маданий өлчөмдөрү, эл аралык карым-катнаштардын перспективасы, бул мамлекеттердин ортосундагы азыркы мезгилге чейинки байланыштар жана кызматташтыктар, алардын жыйынтыктары, миграция жана чек ара көйгөйлөрүнүн кесепеттерин аныктоого байланыштуу маселелер көтөрүлдү.

Айрыкча бул иш-чарада КТМУнун түзүлгөндүгүнүн 25 жылдыгы жана Түркия Республикасынын мамлекеттик гимндин кабыл алынгандыгынын 100 жылдыгына карата атайын секциялар уюштурулду. Түркия Республикасынын мамлекеттик гимнинин кабыл алынгандыгынын 100 жылдыгына карата уюштурулган секцияда баяндама жасаган Мехмет Акиф Эрсой изилдөө борборунун жетекчиси, докт. Мехмет Доган улуттук гимндин маданий жана руханий баалуулугуна токтолуп, Мехмет Акиф Эрсойдун гимндин улуттук баалуулук катары калыптануусуна кошкон салымы чоң экендигин белгиледи.

Ошондой эле КТМУнун 25 жылдыгына арналган секция тууралуу кеңири маалымат берген уюштуруу комитетинин төрагасы жана ошол эле мезгилде университетте ректордун жардамчысы кызматын аркалап келген проф.,докт. Орчан, Түркиянын боордош Түрк тилдүү республикаларга билим берүү тармагында жасаган эң маанилүү эки инвестициясы бар экендигин жана алардын билим берүү тармагына салынгандыгын белгиледи. Эл аралык Казак-Түрк Хожа Ахмет Йесеви университети жана Кыргызстан-Түрк «Манас» университети Түркия Республикасынын демилгеси менен ачылганын жана биргелешкен башкаруу аркылуу ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатканын айткан проф.,докт. Орчан аталган университеттердин табигый илимдер тармагында да изилдөөлөр жүргүзгөндүгүн жана ушул тармакта дүйнөдөгү алдыңкы окуу жайлардын катарына кирүүгө аракет кылып жаткандыгын билдирди. Ал эми Кыргызстан-Түрк «Манас» университети тууралуу уюштуруу комитетинин төрагасы төмөнкүлөргө токтолду: "Эгемендүүлүгүнө ээ болгон Түрк тилдүү мамлекеттердин 30 жылдык мезгилинде өз ара кызматташуунун башаты катары КТМУнун өзгөчө орду бар. Ошол себептүү университет бул чөлкөмдөгү илимий жаатта кызмат көрсөткөн биринчи мекеме катары көптөгөн милдеттерди аркалап келет. Өзгөчө Түрк дүйнөсүнө кызмат кыла турган филолог, тарыхчы, социолог, теолог, инженер, айыл чарба жана ветеринария адистеринин санын көбөйтүү, жаштардын өсүп-өнүгүшүнө салым кошуу, квалификациялуу кадрларды даярдоо университетибиздин негизги максаты болуп саналат. Башкача айтканда, биздин негизги мүдөөбүз өлкөнүн жана коомдун муктаждыктарына жана артыкчылыктарына ылайык кесипкөй адис тарбиялап чыгаруу. Чындыгында эле ар бир коомдо эң негизги капитал бул адам ресурсу болуп саналат. Ошол себептүү бүгүнкү рыноктук шартта бардык талапка жооп бере алгыдай адистерге муктаждык бар. Биз дагы бир илимий мекеме, университет катары мыкты кесипкөй адистерди тарбиялоо аркылуу коомдун өнүгүшүнө салым кошууга аракеттенип келебиз. Бул багытта бизге дайыма колдоо көрсөтүп келген университеттин жетекчилигине, академиялык жана административдик кызматкерлерге, Камкорчулар тобуна жана өзгөчө эки өлкөнүн президенттерине ыраазычылык билдиребиз».

Андан сырткары КТМУнун ректор жардамчысы, проф.,докт. Орчан университетибиздин Түрк тилдүү мамлекеттердин эл аралык илим фестивалын уюштуруудагы ролун төмөнкүчө билдирди: «Манас университети катары илимий изилдөөлөрдүн алкагында кыргыз тилине абдан маани беребиз. Ошол себептүү, биз илимий институт катары жергиликтүү деңгээлде болуп жаткан өнүгүүлөр тууралуу биринчи кезекте чөлкөмгө жана ошондой эле Түрк дүйнөсүнө маалымат берүүнү, бул өлкөдөгү жасалып жаткан иш-аракеттер жана статистикалык маалыматтарды глобалдык деңгээлдеги илимий чөйрө менен бөлүшүүнү каалайбыз. Ар бир өлкөнүн тиешелүү мекемелери бул окуялардын баарын саясий, экономикалык жана маданий көз-караштан талдашат. Биз болсо бийлик тарабынан берилген маалыматтарды чогултуп, илимий стилде академиялык чөйрөгө жеткирип, мындан ары түзүлө турган ар тараптуу мамилелерге кандайдыр бир өлчөмдө багыт берүүгө аракет кылабыз»,-деди.

Илимий жыйналыштын соңунда бардык катышуучуларга жана уюштурууга салым кошкондорго түрк, кыргыз, азербайжан, казак, өзбек, орус жана англис тилдеринде баяндамалардын жыйнагы берилди. Өзгөчө уюштуруу комитетинин төрагасы, ректор жардамчысы, проф.,докт. Мустафа Орчан катышуучуларга жана Түрк тилдүү мамлекеттердин илимий чөйрөдө дагы таанылуусуна салым кошкон бардык илимий – академиялык жамаатка терең ыраазычылыгын билдирди.

Эки күндүк илимий иш-чарада окулган баяндамалар 2022-жылы электрондук китеп катары басылып чыгуусу пландалууда.



# КТМУнун ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан алган сыйлыктар

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) ректору проф. докт. Алпаслан Жейланга акыркы эки айдын ичинде эле үч башка маанилүү сыйлык берилди.**

КТМУнун ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан Коркут Ата атындагы Кызылорда университетинин медалы менен жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, жаштар жана спорт министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланды. Мындан тышкары «Жылдын ректору» сыйлыгына да татыктуу деп табылды.

### Коркут Ата атындагы Кызылорда университетинин медалы

КТМУнун 25-жылдыгына карата арналган программага келген Казакстандын Коркут Ата атындагы Кызылорда университетинин ректору Бейбитгүл Каримова КТМУнун ректору проф., докт. Алпаслан Жейланга өзүнүн университетинин медалын тапшырды.

Проф., докт. Бейбитгүл Каримова медаль тапшыруу аземинде бул сыйлык КТМУнун ректору проф., докт. Алпаслан Жейландын Түрк дүйнөсүнө жана Түрк дүйнөсүнүн жаштарынын билимине кошкон салымы үчүн ыйгарылып жатканын баса белгиледи. КТМУнун ректору проф., докт. Алпаслан Жейландын 25 жылдан бери Түрк дүйнөсүнүн илим жана социалдык тармактарынын өнүгүшү үчүн жасаган эмгектери, кошкон салымы зор мааниге ээ деди проф., докт. Бейбитгүл Каримова. Мындан тышкары проф., докт. Алпаслан Жейландын өзгөчө жаштар арасында салттуу спорттун жана салттуу оюндардын жайылышына өзгөчө басым жасап, чоң салым кошуп келатканын белгилеп өттү. Ошондой эле проф., докт. Бейбитгүл Каримова эки жогорку окуу жайдын ортосундагы ар тармакттуу кызматташуу мындан ары да жемиштүү уланарын билдирди.

### Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, жаштар жана спорт министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси

Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, жаштар жана спорт министри Азамат Жаманкулов КТМУда уюштурулган Түрк мамлекеттеринин эл аралык илим фестивалында ректор проф., докт. Алпаслан Жейланга Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, жаштар жана спорт министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланды.

Министр Жаманкулов 2021-жылдын 16-декабрында Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизилгендигине кубанычта экенин айтып, проф., докт. Алпаслан Жейлан 2012-жылдан баштап өткөрүлүп келаткан Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун өнүгүшүнө салымын кошуп, көчмөндөр оюндарынын илимий жактан изилденишине да күч жумшаганын, ар бир маданият, спорт жаатындагы иш-чараларга жигердүү катышып колдоо көрсөтүп келатканын белгиледи.

Маданият маалымат, жаштар жана спорт министри Азамат Жаманкулов: "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ЮНЕ-



СКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизилишине жана дүйнөгө таанылышына КТМУнун ректору Алпаслан Жейландын ролу чоң. Ошондой эле проф., докт. Алпаслан Жейлан Кыргызстандагы илим, маданият жана искусство тармагынын өнүгүшүнө да абдан маанилүү салым кошууда», - деди.

Министр Азамат Жаманкулов Түрк дүйнөсүнө олуттуу эмгек жасаган Алпаслан Жейландын боордош кыргыз-түрк элдеринин ортосундагы байланышты, ошондой эле достукту жана бир туугандыкты чындоого да салым кошуп келатканын баса белгиледи.

### Азамат Жаманкулов министрлик КТМУ менен мындан ары да көптөгөн биргелешкен долбоорлорду ишке ашырарын айтып өттү.

Ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан: "Менин экинчи мекеним бул – Кыргызстан. Мени ушул сыйлыкка татыктуу деп таап, Кыргызстанга кызмат кылууга мүмкүнчүлүк түзүп берген Президентим Режеп Тайып Эрдоганга дагы бир жолу чексиз ыраазычылыгымды билдирем. Президентимдин мага берген зор ишенимин акташ үчүн бул куттуу жерде күнү-түнү бардык күчүмдү жумшап иштей бермекчимин. Ал эми бул Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, жаштар жана спорт министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланганым мойнума дагы чоң жоопкерчиликтерди жүктөп, дагы жаңы иштерге шык берет»,- деп министр Азамат Жаманкуловго өзүнүн ыраазычылыгын билдирди.

### «Жылдын ректору» сыйлыгы

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору проф., докт. Алпаслан Жейлан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гезити «Эркин Тоонун» 30 жылдык мааракелик сыйлыгынын алкагында «Жылдын ректору» болуп тандалды.

2021-жылдын 25-декабрында "Эркин Тоо" гезитинин 30 жылдыгына карата арналган сыйлык тапшыруу аземине мамлекеттик жана өкмөт өкүлдөрү, элчилер, дипломаттар, агартуучулар, сүрөтчүлөр, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү жана башкалар катышты.

«Эркин Тоо» гезити ректор проф., докт. Алпаслан Жейланды түрк дүйнөсүнө ийгиликтүү кызмат кылганы, Кыргызстанга келген күндөн бери эл менен бирге болгону, коомдук жоопкерчилик долбоорлору менен коомчулукка чоң пайдалалуу иштерди жасаганы, пандемия учурунда «Манас» университетинин студенттерине колдоо иретинде бекер интернет пакеттерин бергендиги, студенттерге колдоо көрсөткөнү, «Манас» университетинин кирүү экзаменине кечиккен абитуриентти унаасы менен экзаменге алып баргандыгы жана бул окуя басма сөздө жарыяланып, коомчулук тарабынан жогору баалангандыгы үчүн аталган сыйлыкка татыктуу деп тапты.

Ректор болуп дайындалганын баштан ушул күнгө чейин тактап айтканда, 18 айдын ичинде проф., докт. Алпаслан Жейландын жетекчилигинде 2 факультет, 2 институт, 8 лаборатория, 3 цех курулду. Шейит Эрен Булбул атындагы Ден соолук борбору, Курманжан Датка сүрөт галереясы жана басма кеңсеси ачылды. Ошондой эле социалдык аймактарды өнүктүрүү жолу менен Оба чай бакчасы жана долбоордук кеңселер курулду. Борбордук имарат жаңыланып, университеттин "Манас" телевидениеси бүткүл республика боюнча эфирдик көрсөтүүсүн баштады. Санариптештирүү жана бизнес процесстеринин эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун арттыруу иштери каралып, ийгиликтүү ишке ашырылды. Бул менен катар интернационалдаштырууга карай бир катар маанилүү кадамдар ташталды.

Ошондой эле бул процессте ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан бир канча жылдан бери өнүктүрүүгө аракет кылып келген салттуу спорт жана оюндарды университеттин кампусунан орун алуусуна шарт түзүп берди. Чыңгыз Айтматов атындагы кампуста «Манастын» кызматкерлер, студенттер жана жалпы эле элдин пайдаланышы үчүн салттуу оюн жана спорт аянты курулду. Муну менен катар «Манас» университетинин "Көк Бөрү" командасы түзүлдү. Ошондой эле үзгүлтүксүз жана квалификациялуу илимий изилдөөлөр үчүн Салттуу оюндар жана спорт илимий-изилдөө институту ачылды.



# КТМУда "Манас" бүтүрүүчүлөрү жолугушат" аттуу иш-чара болуп өттү

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы тарабынан салтка айланган "Университетибиздин бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуусу" аттуу иш-чара өткөрүлдү. 2021-жылдын 23-ноябрында КТМУ жана университеттин Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы уюштурган жолугушууга ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан, биринчи проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаев жана 250дөй бүтүрүүчү катышты. Анын 200ү чет жакта иш алып баргандар.**



КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА
ФОТО: MEDIAMANAS







Жолугушууда КТМУнун ректору проф., докт. Алпаслан Жейлан "Манастын" бүтүрүүчүлөрү үчүн окуу жайдын эшиги дайыма ачык экендигин, бүтүрүүчүлөрүбүз университеттин бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн качан болсо пайдалана аларын белгилеп, студенттер, окуу жайдын кызматкерлери, бүтүрүүчүлөр жана алардын үй-бүлөлөрү менен тыгыз байланышта болуу мүдөөсүн билдирди.

Ал эми биринчи проректор проф., докт. А.Кулмырзаев университетибиздин бүтүрүүчүлөрү учурда өз өлкөлөрүнө жана жалпы Түрк дүйнөсүнө зор кызмат өтөп, алган билимин жемиштүү колдонуп, дүйнөнүн чар тарабында эмгектенип жатканына сыймыктанарын айтты.

"Манастын бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуусу" эки бөлүктөн турду. Биринчи бөлүгүндө К.Тыныстанов атындагы жыйын залында Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын иш-чаралары, пландары жана учурдагы жаңылыктары тууралуу сөз болуп, бүтүрүүчүлөр тарабынан чакан концерт тартууланды.

Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын президенти жана кесиптик лицейдин директорунун орун басары, окутуучу докт. Серхат Атмажа: "Бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуусу университетибизде жана башка мекеме-уюмдарда эмгектенип жаткан бүтүрүүчүлөрүбүз менен кызматташуу, ынтымакты бекемдөө, корпоративдик маданиятыбызды өнүктүрүү, аны менен бирге Манастын рухун жандуу жана бекем сактоо максатында өткөрүлүп келет", - деди.

Мындан тышкары окутуучу докт. Серхат Атмажа: "2006-жылы түзүлгөн Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы жолугушууларды жалпысынан 9 жолу өткөргөн, анын бирин Түркияда (Стамбул), үчөөнү Ысык-Көлдө уюштурган. Андан сыркары 7 ирет кышкы жолугушуу өткөн. Жалпы бүтүрүүчүлөрдүн болжолдуу 60 пайызы менен байланыш түзүп, алардын канчасы кайсы тармактарда иштеп жатканын анализдеп чыктык. КТМУну таанытууга бүтүрүүчүлөр да өз салымдарын кошуп келишет. Алсак, алар жалпыга маалымдоо каражаттарына интервью берип, студенттер менен бирге балдар жана карылар үйлөрүнө зыярат кылып, түрдүү спорттук мелдештерди уюштуруп турушат".

Бирикменин президенти КТМУ Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын кыска жана орто мөөнөттүү пландарына токтолду. Ал бирикменин өзүнүн расмий статусун бекитүү жана бюджетин түзүү, бүтүрүүчүлөр университеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланышы үчүн ректораттын колдоосу менен аларга ID картасын берүү, үзгүлтүксүз байланышты бекемдөө, алардын кесипкөйлүгүн жогорулатууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү экендигин белгилеп өттү.

Бүтүрүүчүлөр жыйынынын экинчи бөлүгү Социалдык мекеме имаратында улантылды. Иш-чаранын бул бөлүгүндө бүтүрүүчүлөргө кечки сый тамак берилип, концерттик программа тартууланды.

1995-жылы негизделген КТМУнун магистратура жана бакалавр программаларын 2002-2020-жылдар аралыгында жалпысынан 8604 студент бүтүргөн. Учурда "Манас" университетинин 4935 бүтүрүүчүсү 44 өлкөдө эмгектенип, алардын 144ү Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде иштешет.



# КТМУ кызматташуу аракеттерин кеңейтүүдө

**1995-жылы боордош өлкөлөр Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда курулган аймактын чолпон жылдызы Кыргыз-Түрк "Манас" университети 27 жыл ичинде университеттер, ассоциациялар, фонддор, аналитикалык борбор жана телерадио берүүлөрү сыяктуу бир топ ар түрдүү уюмдар жана мекемелер менен жалпысынан 229 кызматташтык келишимине кол койгон.**

Макалада, КТМУнун Тышкы байланыштар бөлүмүнүн жетекчиси док. Кадри Аггүн тарабынан кеңсенин иши жана университет тарабынан түзүлгөн кызматташтык келишимдер тууралуу маалымат берилди.

**"Тышкы байланыштар бөлүмүнүн максаты – чет өлкөдөгү мекемелер, фонддор жана башка дагы көптөгөн уюмдар менен кызматташуу"**

КТМУнун Тышкы байланыштар бөлүмү 2013-жылы кабыл алынган «Тышкы байланыштар бюросун түзүү, иштетүү жана андагы милдеттер тууралуу көрсөтмөлөр» боюнча инструкциянын негизинде түзүлгөндүгүн белгилеген мекеменин жетекчиси док. Аггүн, кеңсенин эң негизги максаты «чет өлкөдөгү жогорку окуу жайлар, фонддор жана башка уюмдар менен окутуучу жана студенттерди алмашуу; биргелешкен программаларды жүргүзүү; долбоорлорду жана илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу жана ар кандай жолугушууларды уюштуруу; ошондой эле дагы башка тармактарда да өз ара кызматташтык түзүү» экендигин айтат.

КТМУ Тышкы байланыштар бөлүмү аркылуу университеттер, ассоциациялар, фонддор, аналитикалык борборлор жана телерадиоберүү уюмдары сыяктуу ар түрдүү мекеме жана бирикмелер менен жалпысынан 229 кызматташтык келишимине кол коюлган.

**«Кызматташтык келишимдеринин басымдуу бөлүгү Кыргызстан жана Түркиянын мекеме-уюмдары менен түзүлдү»**

КТМУ Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин ортосунда кол коюлган протоколдун негизинде түзүлгөн университет экенине токтолгон жетекчи док. Аггүн КТМУ эки өлкөнү байланыштырган жогорку окуу жай болгондуктан учурда эки өлкөдө жайгашкан мекеме-уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин саны жалпы келишимдердин басымдуу бөлүгүн түзгөндүгүн айтты.

КТМУ билим берүү багытында иш жүргүзгөн жогорку окуу жайы статусунан сырткары Кыргызстан жана Түркия мамлекеттеринин атын чыгарган ишкана экенин баса белгилеген жетекчи док. Аггүн: "Университетте аймактык жана эл аралык талаптар жогору коюлгандыктан, ал кеңири чөлкөмдөгү мекемелер жана уюмдар менен кызматташтыкты жолго коюуга мүмкүндүк берет,"- деди.



Аталган кеңсенин жетекчиси док. Аггүн КТМУнун акыркы 18 айда 43 кызматташтык келишимине кол коюлгандыгын жана өлкөлөр боюнча алганда Түркиядагы мекемелер менен 13, Кыргыз Республикасындагы мекемелер менен 17, Россия Федерациясындагы мекемелер менен 3, Казакстандагы мекемелер менен 4, Азербайжандагы мекемелер менен 3, Түндүк Кипр Түрк Республикасындагы мекемелер менен 1, Өзбекстандагы мекемелер менен 1 жана Македониядагы мекемелер менен 1 келишим түзүлгөндүгүн белгиледи.

**"Кызматташуу келишимдери, адатта, студенттер менен окутуучуларды алмашуу иш-аракеттерин камтыйт"**

Эки тараптуу кол коюлган бул келишимдер студенттер жана окутуучулар үчүн ар кандай чөйрө менен алака түзүү, жаңы багыттарга ээ болуу, жаңы маданияттар менен таанышуу сыяктуу түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.

Кеңсенин жетекчиси док. Аггүн, КТМУ менен башка университеттердин ортосундагы кызматташтык келишимдердин "эки тараптагы окумуштуу академиктер менен биргелешкен изилдөө иштерин жүргүзүү; өз ара макулдашуу боюнча алдын ала белгиленген бир жыл же андан ашык мөөнөткө илимий кызматкерлерди жана илимий изилдөөчүлөрдү алмашуу; эки тарап белгилеген мөөнөттөрдө студенттерди жана аспиранттарды алмашуу; семинарларды, курстарды жана башка илимий жолугушууларды уюштуруу; билим берүү жана изилдөө максатында илимий басылмаларды, илимий журналдарды жана башка материалдарды биргелешип басып чыгаруу; билим берүү жана илим изилдөө максатында маалымат, басылмалар, илимий журналдар жана башка материалдар менен алмашуу; спорт, искусство жана маданий иш-чараларды уюштурууда кызматташуу" сыяктуу иш багыттарын баса белгиледи.

**Маанилүү мекемелер менен кызматташуу келишимдери**

КТМУ менен Түркиядагы Анадолу агенттиги, ТРТ, ТИКА, Юнус Эмре институту, Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы, Түрк дүйнөсү муниципалитеттер биримдиги, Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору (OSYM), Энергетика өнөр жайчылары жана ишкерлер ассоциациясы, Түрк дүйнөсү парламенттер ассоциациясы (ТҮРКПА), Түрк маданиятынын эл аралык уюму (ТҮРКСОЙ), Евразия китепканалар биримдиги, Стратегиялык ой жүгүртүү институту, Эл аралык стратегиялык изилдөө борбору, Саясат, экономика жана социалдык изилдөөлөр фонду, Түрк Азия стратегиялык изилдөө борбору, Ататүрк атындагы маданият, тил жана тарых жогорку мекемеси, Анкара университети, Анкара коомдук илимдер университети, Ататүрк университети, Бинали Йылдырым университети, Гази университети, Гебзе техникалык университети, Мустафа Кемал университети, Карабүк университети, Селчук университети, Османие Коркут Ата университети; Кыргызстандагы Коомдук телерадио берүү корпорациясы (КТРК), ЭЛТР телекомпаниясы, Кыргыз мамлекеттик тил комиссиясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Билим берүү борбору, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз улуттук илимдер академиясы жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, Айыл, суу чарба жана региондук өнүктүрүү министрлигинин алдындагы органикалык айыл чарба департаменти, ЕККУ Академиясы, Эл аралык медициналык жогорку мектеп, Жогорку технологиялар паркы, Б.Сыдыков Кыргыз-өзбек эл аралык университети, Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы, Кыргызстан эл аралык университети, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-орус славян университети, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин чет тилдер факультети, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик Агрардык университети, ошондой эле Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети, Нарын мамлекеттик университети сыяктуу абройлуу мекеме-уюмдардын ортосунда кызматташуу келишимдери бар.

Мындан тышкары, КТМУнун эл аралык бирикмелерден: Азербайжан Улуттук илимдер академиясы, Санкт-Петербург чет тилдер институту, Эл аралык көрүү университети, ЕККУнун Лидс Метрополитен университети, Лидс англис тил мектеби, , Ф.М. Достоевский атындагы Омск мамлекеттик университети, Воронеж мамлекеттик университети, Россия илимдер академиясынын федералдык мамлекеттик бюджеттик мекемесинин Чыгыш кол жазмалар институту, Россия илимдер академиясынын Материалдык маданият тарыхы институту, Чыгыш Каролина университети, Делавэр техникалык жамааттык колледжи, Мэриленд университетинин колледжи (UMUC), Чжэцзян эл аралык изилдөө университети, Кытай мунай университети, Синьцзян университети, Конфуций институту сыяктуу мекеме-уюмдар менен макулдашылган кызматташуу протоколу бар.

**КАБАР: ГҮЛДАНА НУРМУХАММЕД КЫЗЫ**
**ФОТО: МЕДИАМАНАС**









# КТМУда квалификацияны жогорулатуу боюнча иш-чаралар өттү




КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА
ФОТО: МЕДИАМАНАС

**2021-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) квалификацияны жогорулатуу боюнча ар түрдүү иш-чаралар өткөрүлдү. Бул иш-чаралар университеттин ректору проф. др. Алпаслан Жейландын жетекчилиги жана көрсөтмөсү менен Гуманитардык факультетинин педагогика бөлүмүнүн окутуучусу проф. др. Мехмет Ариф Өзербаштын колдоосунун астында болуп өттү. Иш-чаранын алкагында университеттин коопсуздук кызматкерлерине, техникалык персоналдарга, административдик жана башкакаруу кызматкерлери менен илимий кызматкерлерге 12 түрдүү сессия жана 5 семинар уюштурулду.**

КТМУнун ректору проф. др. Алпаслан Жейлан иш-чаралар тууралуу өз сөзүндө үзгүлтүксүз өнүгүүгө, сапаттту кызмат көрсөтүүгө, аны менен катар коомго пайдалуу иш-аракеттерди жасоого чоң маани берилерин айтты. Университеттин мүчөлөрүнөн өз квалификациясын жогорулатууда алган билимдерин колдонуусун каалаган ректор проф. др. Жейлан, бул түрдөгү окуу аркылуу квалификациясы жогорулаган кадрдык потенциал университеттин ар тармактан өнүгүүсүнө чоң салым кошорун белгиледи. Ага катар университеттин ар кыл тармагындагы буга чейинки болгон өнүгүүлөр тууралсында дагы маалымат берди.

Квалификацияны жогорулатуу боюнча биринчи семинарлар 2021-жылдын 24-25-май айларында кесиптик лицейдин жыйындар залында университеттин коопсуздук кызматкерлери үчүн уюштурулган. "Манас университетинин күзөтчүлөрүнүн иш тажрыйбасын жогорулатуу программасынын" алкагында күзөт кызматкерлерине " эмгек жана жекече мотивация, кесиптик этика, баарлашуу темалары боюнча маалымат берилди.

2021-жылдын 14-17-июнунда университеттин катчылары жана административдик кызматкерлери үчүн Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында "Административдик жардамчы жана катчылардын квалификациясын жогорулатуу программасы" боюнча катышуучуларга " Протокол жана этикет; мыйзам чыгаруу эрежелери жана кат алышуу; убакытты жана жолугушууларпды башкаруу - корпоративдик жана жеке мамилелер; адамдардын өз ара мамилеси жана баарлашуусу" деген темаларда семинар өткөрүлдү.

2021-жылдын 22-июнунда университеттин техникалык персоналы үчүн «Манас университетинин техникалык персоналынын квалификациясын жогорулатуу программасы» эртең менен жана түштөн кийин 2 сессияда өткөрүлдү. Программанын алкагында «Протокол жана этикет эрежелери; командада иштөө жана командалык рух; кесиптик этика, таандык болуу жана баарлашуу; эмгек коопсуздугу жана ден соолук; өрт коопсуздугу; биринчи жардам" боюнча маалыматтар берилди.

Квалификацияны жогорулатуу программаларынын акыркы этабы 2021-жылдын 15-22-ноябрында академиялык кызматкерлер үчүн "Билим берүүдөгү жаңы усулдар жана ыкмалар" семинары уюштурулган. Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында өткөрүлгөн тренингде академиялык кызматкерлерге "Студентти таануу жана түшүнүү техникалары; класста натыйжалуу коммуникация ыкмалары; окуу жана окутуу процесстеринде жаңы баалоо иш-чаралары; эффективдүү курс өткөрүү ишмердүүлүгү" тууралуу темаларга кайрылышты.



Адабият факультетинин педагогикалык илимдер кафедрасынын квалификациясын жогорулатуу ишинин координатору проф. др. Өзербаш уюштурулган программаларга байланыштуу төмөнкүдөй билдирүүлөрдү жасады: "Коомго жол көрсөтүүсү жана өнүктүрүлүшү күтүлгөн университеттерде бул абал абдан маанилүү. Бул алкакта биздин негизги максатыбыз "өмүр бою билим алуу, үзгүлтүксүз билим берүү жана кесиптик өнүгүү" түшүнүктөрү болушу керек. Азыркы дүйнөдө билимдин тобун жана анын тез өзгөрүү жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен КТМУда билимди, адепти жана технологияны өнүктүрүү боюнча бардык (күзөтчүлөр, техникалык персонал, административдик жана академиялык) кызматкерлердин билимдерин жаңылоо зарыл, же эң азында кээ бир маалыматтардын эске салынышы керек. Ошол себептен 2021-жылы ар кандай квалификацияны жогорулатуу программалары уюштурулду".

Уюштурулган иш тажрыйбаны жогорулатуу программаларында; гуманитардык факульттин профессору др. Мехмет Ариф Өзербаш, "Протокол жана этикет, сылык болуу эрежелери, класс ичинде эффективдүү баарлашуу ыкмалары"; гуманитардык факультеттин окутуучусу проф. др. Күршад Йылмаз, " Убакыт жана жолугушууларды башкаруу, жаңы баалоо ыкмалары"; теология факультетинин окутуучусу проф. др. Речай Доган тарабынан " Натыйжалуу сабак өтүү тууралуу иш-чакралар»; гуманитардык факульттин окутуучусу доц. др. Эркан Эфилти "Иш жана жеке мотивация, студенттерди таануу жана түшүнүү", доц. др. Чакшылык Кокобаевдин "Эмгек коопсуздугу жана ден соолук", коммуникация факультетинин окутуучусу доц. др. Гөкче Йогуртчу «Кесиптик этика, таандык болуу жана баарлашуу»; КТМУнун "Шейит Эрен Бүлбүл" ден соолук борборунун дарыгери Саодат Молдобаева "Биринчи жардам"; кадрлар бөлүмүнүн башчысы Вехби Башкапан "Мыйзам эрежелери жана кат алышуу" жана Нурлан Асаналиев: "Өрт коопсуздугу" темаларында маалымат беришти.


2021-жылы өткөрүлгөн квалификацияны жогорулатуу боюнча семинарларга болжол менен 250 административдик, техникалык жана 350 академиялык персонал катышты. Квалификацияны жогорулатуу семинарларын 2022-жылы ар кандай темада жана мазмунда улантуу пландаштырылууда.



# Кышкы туура тамактануу тууралуу маанилүү кеңештер

**Кышында аба ырайынын сууктай башташы менен ошол эле суук тийүү, бронхит, сасык тумоо сыяктуу оорулардын күч алышы байкалат. Бул ооруларды алдын алуу үчүн жана алардан коргонуу үчүн эмне кылышыбыз керек? Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) "Шейит Эрен Бүлбүл" ден соолук борборунда тамактануу жана диета адиси Айча Сена Йылмаз, кыш айларында туура тамактануу менен бирге диетада кетирилген айрым каталар тууралуу айтып берди.**

Абанын муздай башташы менен адамдын иммунитетинин уламдан-улам төмөндөөсү байкалат. Ал эми ошол алсыз иммунитетке зыяндуу вирустар оңой эле жугуп, көптөгөн оорулардын пайда болушуна жол ачат. Макалабызда диетолог Айча Сена Йылмаз айымдын вирустарга каршы туруу жана иммундук системаны күчтөндүрүү үчүн кыш мезгилинде сунушталган азыктар, жалпысынан алганда туура тамактануу жөнүндө кеңеш жана сунуштары менен бөлүшөбүз.



### Кышында организм үчүн керектүү жашылча-жемиштер

Кызыл жемиштердин жүрөк үчүн абдан пайдалуу, ошол эле убакта маанилүү экендигин белгилеп өткөн тамактануу жана диета адиси Йылмаз: " Кышында анарды көп жеш керек. Ал жүрөктүн жакшы иштеши үчүн өтө пайдалуу. Аны менен бирге эле апельсин дагы сунушталат. Апельсинде С витамини бар. С витамини темирдин сиңимдүүлүгүн арттырып, иммунитетти бекемдейт. Ал эми жашылчалардан болсо шпинат – темир кампасы болуп саналат. Темир кандагы кычкылтекти жөнгө салып, гемоглобин деп аталган кан протеининин көбөйтүп, өсүүсү үчүн маанилүү минерал болуп эсептелет. Демек, кышкысын организимибиз талап кылган темирди шпинаттан ала алабыз. Бул айларда витаминге бай жашылчалардан дагы бири бул – капуста. Негизи, кышында кардын астында калган капуста дагы-да даамдуу болот деп айтышат. Капуста дагы иммунитетти чыңдайт. Айрыкча, капустаны кайнатып, ширесин ичкенде, ал зат алмашуусу жакшыртып, ички организмди шлактардан тазалайт".

### Кышында сунушталган кошумча азыктар

Кыш мезгилинде жогоруда айтылгандардан сырткары дагы кошумча азыктарды күнүмдүк рационубузга киргизүү зарыл. Лимон, имбирь, куркума, бал сыяктуу кошумча азыктар дагы ошол эле иммунитет үчүн абдан пайдалуу. " Бал менен имбирди аралаштырып, эртең менен ач карын жесе болот. (Кош бойлуулар, эмчек эмизген энелер жана ден соолугу начарлар буларды колдонуудан мурда сөзсүз түрдө диетологдон кеңеш алуусу керек.) Мындан тышкары кышында суутан улам сыртка чыгууга мүмкүн болбой калган учурлар көп болот. Ал эми күн Д витаминин негизги булагы. Д витаминине болгон муктаждыкты сүт, жумуртка, майлуу балык сыяктуу азыктар менен камсыздай алабыз. Ошондуктан буларды күнүмдүк рационубузга киргизүүбүз зарыл", - деди диетолог Айча Сена Йылмаз.

### Жаңы, жаш жер-жемиш, жашылчалар менен азыктануу өтө манилүү

Түрк элдери үчүн өзгөчө жайында көп санда жана арзан баада жаңы, жаш мөмө-жемиш, жашылчаларды кышкыга сактоо маанилүү. Мөмө-жемиштери менен жашылчаларды өз убагында, жаңы бышып жетилген кезинде тамак ашка колдонуу пайдалуу болору баарыбызга маалым. Бирок кышкысын кээ бир азыктарга жетүү кыйынчылыгы, ошол убактагы азыктын баасынын дагы да арзан болушу, же тамак аштын көптүгүнөн, тамак аш жасоого короткон убакытты үнөмдөө сыяктуу иш-аракеттерден улам аларды тоңдуруп коюуга аргасыз болобуз. Мүмкүн болушунча тоңдурулган жемиш, же азыктарды колдонуудан алыс болгон жакшы. "Тоңдурулган азыктарда пайдалуу витамин жана минералдар өтө аз кездешет. Бул жердеги эң маанилүү нерсе, азыктарды туура шарттарда тоңдуруп, сактоо. Кыскача айтканда, ар бир продуктунун канча убакытка чейин, кайда жана кандай температурада сактоо керектигин билишибиз зарыл. Мындан тышкары тоңдурулган азыкты ээритүү керектелгенде дагы туура шартта эритүү маанилүү. Бул шарттарды аткаруу менен тоңдурулган продуктуларды колдонууга болот", - деп кошумчалады Айча Сена Йылмаз.

### Туура тамактануу менен бирге адам баласы ден соолугун чыңдоо үчүн кандай гана мезгил болбосун спорт менен машыгышы керек


Дени сак инсан бир күнүнүн бир канча убактысын спортко бөлүшү керектигин белгилеген диетолог Йылмаз айым спорттун бир гана салмак кошуу же арыктоо үчүн гана эмес, күндөлүк турмушубузда күн сайын талап кылынуучу иш-аракет экендигин айтат: "Көнүгүү менен спортту бири-бири менен айырмалай билүүбүз керек. Көнүгүү бул үзгүлтүксүз аткарылуучу кыймыл-аракеттер. Спорт дагы жалгыз гана оор кыймылдар жасоо, же болбосо оордуктарды көтөрүү эмес. Үйдө бийлөө деле мен үчүн бир спорт. Адам арыктай баштаганда майлар сыртка чыгып, дене түзүлүштүн бузулушуна алып келиши мүмкүн. Бул нерсени спорт аркылуу алдын алууга болот. Андан сырткары физикалык активдүүлүк кант диабетине чалдыккан адам үчүн өтө керектүү. Булчуңдардын кыймылга келүүсү кандагы канттын төмөндөшүнө жардам берет".

### Диетада эң көп кетирилген каталар

Айча Сена Йылмаздын айтымында, диетада эң көп кетирилген каталардын бири катары жалаң жашылча-жемиштерди колдонуу экен: "Карбонгидрат тобун жалгыз пайдаланбашыбыз керек. Анткени углеводдордун сиңимдүүлүгү өтө бат жүрөт. Алар кандагы кантты бат эле жогорулатып, кайра бат эле төмөндөтүп жиберүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Жемишти такыр жебей койгон да коркунучтуу, себеби организмде кошумча майлар топтолот. Андыктан мөмө-жемиштерди сүткө, йогуртка, айранга кошуп, же алар менен кургатылган жемиштерди чогуу жешибиз керек. Диета кармоодогу дагы бир ката - бул көпкө чейин ачка жүрүү. Ачка болуу метаболизмге терс таасирин тийгизет. Анткени бул дагы денеде майдын топтолуусун пайда кылат. Мен ар дайым шашып, же каалабагандыктан эртең менен эч эле тамактанбаган адамдарды көп кезиктирем. Эртең менен метоболизмди ойготпоо - эң чоң ката болуп саналат".

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА
ФОТО: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА





КАБАР: ГУЛДАНА НУРМУХАММАД КЫЗЫ

# “Манаста” мен жаңыдан университетти бүткөндөй болдум

*Кино – бул искусство. Өзүнө философиялык идеяны камтыган, турмуштун чындыгын чагылдырган бир мазмун. Аны көрүүчүлөргө тартуулоо – чыгармачылык жана уюштуруу ишин талап кылган татаал процесс.*

***Учурдун белгилүү режиссёру, көптөгөн эл аралык сыйлыктардын лауреаты, Кыргыз Республикасынын эл артисти, университетибиздин ардактуу окутуучусу Артыкпай Сүйүндүков жакында тарткан “Шамбала” көркөм фильми бир катар эл аралык кинофестивалдарда татыктуу байгелерге ээ болуп, кыргыз киносунун атын алыска таанытты.***

## 50 жылдай көкүрөктө жашап тартылган фильм

2021-жылы эл аралык сыйлыктарга татыган “Шамбала” фильми Артыкпай Сүйүндүковдун өмүр бою тарткан чыгармачылык түйшүгүнүн жемиштүү түшүмү десек болот. Ч.Айтматовдун айтылуу “Ак Кеме” повестине кайрадан экинчи өмүр берип, жаңыча өңүттө экрандаштырган режиссёрубуз бул фильмди жаратууга кантип киришип калганы тууралуу буларга токтолду:

- “Ак Кеме” чыгармасына көңүлүм түшүп калышыма, 1973-жылы, студенттик кезде ушул чыгарманы окуп, кызыгуум артып калганы себеп болду. Арадан бир топ жыл өттү. Көңүлгө таасир калтырган нерселер деле көп учурда 1-2 жылдан кийин унутулуп калат. “Ак Кеме” негедир эч оюмдан кетпей кыялымда жашап калды. “Шамбала” долбоору жөнүндө маалымат тараганда, эл арасында ар кандай сөздөр айтыла баштады. “Ой, “Ак Кеме” фильми бар эмеспи, СССРдин мамлекеттик сыйлыгын алган. Эмне, Болот Шамшиевге атаандашып жатасыңбы? Коркпойсуңбу? Камикадзе болуп калба!” дегендер болду. Албетте, мунун баары кайсы бир деңгээлде мени психологиялык жактан басты. Тартыла турган фильм жөнүндө Чыңгыз Айтматов менен дагы бир топ сүйлөшүүлөр болгон. Чыңгыз Айтматовго адегенде эле фильмдин концепциясын айтып берип, Болот Шамшиевдин фильмин кайталаганга менин эч бир кызыкчылыгым жок дегенмин. Ал кишинин макулдугун, батасын алгам. Мына эми ошол жаш кезден бери өчпөй келген кыялымды, идеямды ишке ашырып, фильмди көрүүчүлөргө тартуулап жатабыз.

**- Адабий чыгармаларды киного ылайыкташтыруу кыйын. Ушул жөнүндө айтып бере аласызбы?**

- Көркөм чыгарманы тартуунун эки жолу бар. Биринчиси – экранизация, экинчиси – чыгарманын негизинде тартылган фильм. Экранизацияда бир аз бурмалоо орун алат. Ал эми экинчисинде негизги ой калат, бирок калганын өзгөртсө болот. “Шамбала” тасмасы ошол экинчи вариант менен тартылды.

**- Ал эми коом тасманы кандай кабыл алды?**

- Коом, көрүүчүлөр тасманы жылуу кабыл алды. Чынында мен коркуп жаткам...

**- Эмнеден?**

- Биринчиден, азыркы орто муун, жаш муун бала чагынан “Ак Кеме” тасмасын көрүп чоңойгон. Бала чактагы тасмалар эстен кетпейт. Жаңы тасманын кабыл алынышы кыйын. Анын үстүнө “Шамбала” тасмасы сюжети, формасы жана стилистикасы менен мурдагы тасмадан гана эмес, повесттен дагы айрымаланып турат.

**- “Шамбала” тасмасынын негизги идеясы тууралуу сөз кылсаңыз.**

- Жалпысынан айтканда, бул фильм коомдогу руханий кризис жөнүндө десем болот. Адамдын ички конфликтиси – бул руханий жана материалдык дүйнөнүн ортосундагы күрөш. Акыркы 25-30 жылдын ичинде глобализациянын айынан кыргыз коомунун абалы чоң коркунучта турат. Кеп иденттүүлүгүбүздү, улуттук маданиятыбызды жана мамлекеттүүлүктү жоготпой сактап калышыбыз тууралуу болуп жатат. Бул нерселерди биз тасмада ачык-айрым эмес, каймана түрүндө, айрым символдор, метафоралар менен бергенге аракет кылдык. Ар бир адамдын ишеничи болуш керек. Жакшылыкка ишеним, келечекке ишеним, кудайга ишеним. Ишенимин жоготкон адам руханий жактан кыйроого учурайт. Ушул маселелер козголгон “Шамбала” тасмасында жаркын кыялы менен илгери үмүтүнө жетеленип, караңгылык каптаган дүйнөдөн жарыкты издеген баланын тагдыры сүрөттөлөт.



**- Режиссёр кайсы критерийлер менен темасын тандайт?**

- Тема тандоо – бул эң чоң проблема. Кээ бир жаш режиссёрлор кандайдыр бир актуалдуу, аны менен бирге элге жагымдуу кино тартсам деп ойлонушат. Ошол “элге жагам” деген жеринен жаңылышышат. Эң башкысы – ошол тема өзүнүн көңүлүнө, жүрөгүнө жакынбы, сени толкундантабы, ушуну ойлонуусу зарыл. Өзгөчө бир стилде, сенин көз карашың менен алып чыгышың керек.

**Окуучулук жана студенттик өмүрү так илимдерди үйрөнүү менен өтсө да, киного болгон сүйүүсү анын Политехникалык окуу жайын таштоосуна түрткү болгон.**

- Политехникалык институтту таштап, Москва шаарындагы С.А. Герасимов атындагы Бүткүл Союздук кинематография институтуна өткөнгө аракет кылдым. Экзаменден 2 жыл катарынан өтпөй, үчүнчү жылы гана өттүм. Эки жыл катары менен өтпөй калганыма өтө тартынчаак болуп, ашкере толкундангандыгым себеп болду. Берилген суроолорду толкунданып атып жакшы уга алган да жокмун. Бирок азыр ойлосом, ошол 2 жыл окууга өтпөгөнүм мен үчүн жакшы эле болгон экен. Дагы тереңирээк даярдана баштадым. К. Баялинов атындагы китепканада эртеден кечке жүрчүмүн. Ал жер менин экинчи үйүмдөй эле болуп калган. Адабият, кино, живопись, музыка, тарых баарын окудум. Ассистент болуп дагы, жүк ташып дагы, заводдо дагы иштеп көрдүм. Ошондой эле олуттуу фильмдерде чоң режиссёрлор: Мелис Убукеев, Төлөмүш Океев, Болот Шамшиевдер менен иштешип калдым. Бир фильмдин кандай азап менен жараларын көрдүм, аралашып жүрүп ички сырларын билдим. Булардын баарын өз көзүм менен көргөнүм мага чоң тажрыйба болду.

**- Сиз кино өнөрүнө келгениңизге чейин мектепте да, жогорку окуу жайда да так илимдер багытында окуптурсуз, кино жаатына келгенде кыйынчылыктар болгон жокпу?**

- Менимче математика, физика, философияны окуган, билген адам киного келгенде алардын чоң пайдасын көрөт. Анткени, математикага мүнөздүү логикалык-аналитикалык ой жүгүртүүгө, тактыкка үйрөтөт. Мисалы, монтаж иштеринде акцент коюуга. Ал эми философия болсо, окуяны сыртынан эле чагылдырбай, анын артындагы терең ойлорду көрсөтүүгө түрткү болот. Жалпы аалам, адамзаттын тагдыры, өткөн доорду, келечекти, азыркы жашоо менен салыштырып, кайчылаштырып, жыйынтыгында жалпы бир ойду, көйгөйлөрдү алып чыгат. Студенттерге айтарым, режиссёр философияны, психологияны, музыканы, сүрөттү баарын билиши зарыл. Ал ар тараптуу билимдүү болушу керек. Канчалык ар тараптуу билимдүү болсоң,




ошончолук түшүнүгүң кең, терең болот.

**- КТМУда жыйырма жылдай иштеп келесиз. Университетте иштегениңиз чыгармачылыгыңызга кандай таасирин тийгизди?**

- Азыркы убакта телевидениеде, газитте, кинодо, деги эле ушул сыяктуу бардык жерлерде “Манас” университетинин студенттери иштеп жатышат. “Манас” университетинин бүтүрүүчүсүнө өтө көп жолдор ачылат. Университет сапат жагынан дагы, билим жагынан дагы, маданият жагынан дагы өтө күчтүү. Бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин дипломдук фильмдери эл аралык кинофестивалдарда 300дөн ашык эл аралык сыйлыктарга ээ болду.

Ал эми жеке мага, чыгармачылыгыма университет чоң пайдасын тийгизди. Москвадан алган билимимди кайра кайталап, дагы мурдагыга караганда тереңирээк ойлонуп, китептерди окудум, кинолорду кайталап көрдүм. Бул жерде мен кайрадан бир университетте окугандай болдум. Балдардан дагы бир топ нерселерди үйрөндүм. Алар менен чогуу ойлонуп, чогуу сценарий жазып, монтажын жасап, көп убактыбызды университетте өткөрдүк. Жада калса, университетте түнөп калчубуз. Мындайча айтканда, кинонун фанаты болдук. Бир учурларда өзүмдүн ден соолугума дагы карабай, жан дүйнөм менен киного кирип кеттим. Бирок ошончолук берилип иштегенибиз балдарга дагы, өзүмө дагы, киного дагы пайда болду.

**- Маегибиздин соңунда көркөм чыгарманы экрандаштыруу, анын негизинде фильм жаратуунун оош-кыйышы тууралуу дагы айтылбай калган сөзүңүз болсо, ошого кулак төшөсөк.**

- Көркөм чыгарманын негизинде фильм жаратууда ар бир чыгармачыл инсандын өзүнүн жеке стили болот, баккан ою болот. Ага чек койбош керек. Менимче, “Ак Кеме” келечекте дагы тартылышы керек. Себеби мезгил өткөн сайын, доор алмашкан сайын адамдардын ой жүгүртүүсү өзгөрөт. Ошого жараша ылайыктап тартуу мыйзамченемдүү да. Мисалга, Шекспирдин пьесалары канча жолу коюлду. Толстойдун “Анна Каренинасы” 35 жолу тартылды. Келечекте дагы тартыларында шек жок. Айтматовдун чыгармалары дагы ошондой. Дага тартылат, ага чектөө койбош керек. Мындайда режиссерлордун жолун тороп, терс пикир айтуу да жарабайт.



***“Эл эмгектен эскерет” демекчи, Артыкпай Сүйүндүковдун тарткан фильмдеринин көп жылдардан кийин деле өз көрүүчүлөрү болору анык. “Шамбала” фильми менен бүгүнкү күндө кыргыз киносун дүйнөгө таанытып жаткан режиссерубузду дагы көп чыгармачылык ийгиликтер коштосун демекчибиз!***

# Кыргызстанда кышкы туризм

***Кыргызстан өзүнүн бай тарыхы менен гана эмес, тоолуу кооз жаратылышы менен да дүйнөнүн ар кайсы бурчунан миңдеген туристтерди өзүнө тартып турат. Кыштын келиши менен ак кар жамынган Тянь-Шандын этегиндеги лыжа тебүүчү жайлар жергиликтүү жана чет элдик туристтерди тосуп алат. Учурда өлкөбүздө жалпы жонунан 23түн тегерегинде лыжа тебүүчү жерлер бар, бирок тилекке каршы, азыркы күндө алардын бардыгы иштебейт. Эл аралык деңгээлде тоо лыжа сүйүүчүлөрдү тарта турган, жыл сайын активдүү иштеп жаткан 4-5 тоо лыжа базасы бар. Биз «Манас» гезитинин окурмандары үчүн Кыргызстандагы кышкы туризм тууралуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин доценти докт. Бакыт Турдумамбетов менен маектештик.***

**«Туристтер Кыргызстанга эң көп коңшу өлкөлөрдөн келишет»**

Улуттук статистикалык комитеттин берген маалыматына караганда, туристтер Кыргызстанга негизинен коңшу өлкөлөрдөн келет. КТМУнун туризм факультетинин доценти докт. Бакыт Турдумамбетов бул тууралуу мындай дейт: «Пандемияга чейинки статистикалык маалыматтарга карасак, туристтердин көбү Казакстандан келишчү. Кийинчерээк пандемиянын алдында 2-3 жылдын ичинде Өзбекстандан келгендердин саны кыйла артты. Андан сырткары Россиянын Сибирь жагынан келгендер дагы бар. Кыскасы, Кыргызстанга туристтер Россия, Казакстан жана Өзбекстандан көбүрөөк келе башташты».

**«Кыргызстанга келген туристтердин жылдык саны.....»**

Ошол эле Улуттук статистикалык комитеттин берген маалыматтар боюнча, 2019-жыл тактап айтканда, пандемиядан мурун 7-8 миллионго жакын чек араны кесип өткөндөр болгон. Мунун баары таза турист эмес экендигин да белгилеп өтүшүбүз керек. Бул тууралуу доц., докт. Бакыт Турдумамбетов: «7-8 миллионго жакын чек араны кесип өткөндөрдүн арасында соода-сатык менен алектенгендер, күнүнө башка коңшу өлкөлөрдөн келип иштегендер жана мигранттар да бар. Ал эми чек арадан киргендер 7-8 миллионду түзсө, өзүбүздүн калкыбыз 6 млнду түзөт. Бул деген биздин жергиликтүү калктан 2 миллиондой көп киши чек арадан кирет дегенди билдирет. Улуттук статистикалык комитеттин сайтында, алардын ичинен Ысык-Көлдүн курорттук рекрациялык ишканаларда эс алгандардын саны 1.5 миллионду түзөт. Ошондо 1.5 миллион пляждык туризмге келгендер, анан 8 миллион чек араны кесип өткөндөр. Менин жеке оюмча Кыргызстанга аталган эки сандын ортосундагыдай таза туристтер келишет. Бирок андан да төмөнүрөөк болушу мүмкүн»,-деп айтты.

**«Учурда Кыргызстанда 23кө жагын лыжа тебүүчү жерлер бар»**

Учурда Кыргызстанда чоң, кичине, эски жана жаңы болуп 23түн тегерегинде лыжа тебүүчү жерлер бар экенин, бирок алардын баардыгы иштебей турганын айтат доц., докт. Бакыт Турдумамбетов: «Азыркы күндө тоо лыжа сүйүүчүлөрдү өзүнө тарта турган 4-5 тоо лыжа базасы бар. Алардын ичинен  эң жакшысы жана белгилүүсү Караколдогу лыжа базасы болуп саналат.Эң жакшысы дегеним аталган лыжа базасы  кооз жана ыңгайлуу  жерде жайгашкан. Бирок айта кетүүчү нерсе, негизинен Каракол тоо лыжасы орун алган жер жаратылыш паркы болуп саналат. Тактап айтканда, өзгөчө коргоолуучу табигый аймак. Ошондой эле табигый аймактарды коргоо боюнча атайын мыйзамдар бар. Ал эми жаратылыш паркынын аймагында кандайча тоо лыжасы курулуп калган бул мен үчүн азыркыга чейин суроо бойдон калууда. Менимче, андай болбошу керек болчу, себеп дегенде тоо лыжа тебүүчү жайлар чоң обьектилер болуп саналат. Ал эми чоң обьектилердин чоң инфраксруктурасы болот. Инфракструктура деген – негизги туристтик кызматты тартуулоого көмөктөшүүчү кошумча кызматтар, имараттар, канализация системасы, агынды кир суулар, асман жолдор, тактап айтканда, кошумча нерселер. Тоо лыжасында негизги нерсе катары саналган «асман жолун» салыш үчүн чоң-чоң столбалар орнотулуп, аларга зым тартылат жана отургучтар туташтырылат. Айтайын дегеним, столбаларды орнотуш үчүн жерди казууга туура келет. Бул болсо ал жердеги бак-дарактар менен катар жайлоодогу чөпкө да өзүнүн терс таасирин тийгизет. Анан Каракол деңгээлиндеги туристтерди кабыл алуучу жерлер болуп «Чуңкурчак» лыжа базасы, «Зил», «Орловка» жана башкалар болуп эсептелинет»

**«Кышкы туризмди өнүктүрүү боюнча өкмөтүбүз Швецария өкмөтү менен бирге келишим түзүшкөн»**

Кыргызстанда 2021-2022-жылдын кышкы туристтик сезону 27-ноябрда расмий ачылыш аземи болгон. Доц., докт. Бакыт Турдумамбетов Кыргызстанда кышкы туризмди өнүктүрүү боюнча аткарылып жаткан иш-чараларга токтолду.

Кыгызстанда кышкы туризмди өнүктүрүү боюнча өкмөтүбүз Швецария өкмөтү менен бирге 2018 же болбосо 2019-жылы келишимге кол коюшкан. Ошого байланыштуу швецариялыктар өздөрүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүп, аталган тармакты өнүктүрүүгө жардам берип жатышат. Бирок бир нерсени айтып өтүшүбүз керек, мындан 15-20 жыл мурун кышкы туризмдин ачылыш сезону ноябрь айында башталчу. Ноябрдан баштап мартка





чейин, тактап айтканда, 5 ай кышкы туризмди уюштурууга толук мүмкүнчүлүк бар болчу. Бирок акыркы 5-6 жылдан бери декабрь айында башталып жатат. Муну менен катар 2-3 жылдан бери кышкы туризмдин ачылыш сезону январь айында башталып жатат. Глобалдык жылуулануунун себеби да буга таасир этүүдө. Ошондон улам азыркы учурда лыжа тебүүчү жайлар ноябрь жана декабрь айларында каар жаабаганы үчүн 2 ай эле иштеп жатышат».

**«Тоо лыжа базаларынын 3 жактан зыяны бар»**

Тоо лыжа базаларынын Кыргызстанга пайда алып келиши менен катар зыяны да жок эмес. Бул боюнча Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин доценти докт. Бакыт Турдумамбетов: «Биз билген тоо лыжа базаларынын өлкөбүзгө үч тараптан өзүнүн терс таасирин тийгизет. Биринчиси, бул табиятка тийгизген зыяны. Аны менен катар таштандылар көп таштаары да өзүнчө бир маселе. Экинчиси болсо, аталган тармактын  экономикага тийгизген  терс таасири. Мындайча айтканда, тоо лыжа базалары чоң инвестицияны талап кылат. Ал эми чоң инвестицияны болсо, сырттан келген инвесторлор каржылайт, тактап айтсак, акчаны алар салышат. Алардын максаты – кыска убакыттын ичинде пайда табуу да, баягы салган акчасын 2-3 эсе кылып өндүрүп алууга аракет кылышат. Ошондой эле Каракол, Чуңкурчак тоо лыжа базаларынын ээлери, менин билишимче кыргызстандыктар эмес. Бул эмне дегенди билдирет? Бизге аталган тоо лыжаларынан түшкөн кирешенин анча-мынчасы эле калбаса, көп бөлүгү чет жакка кетип жатат дегенди билдирет. Тактап айтканда, инвестор каяктан келсе, ошол жактагы адамдар менеджер же болбосо дагы башка чоң жумуштарды иштеп калышат. Ал эми үчүнчү зыяны болсо бул – жергиликтүү калктын жогорку квалификациядагы жумуш орунга ээ болуу мүмкүнчүлүгү төмөндөшү болуп саналат», -деп баса белгиледи.

**«Пандемиядан соң ички рынокто табиятка чыгып эс алгандар көбөйдү»**

Пандемия ички рынокто ошондой эле ички туризмде суроо талаптарды ойготконун, пандемия убагында биздин өлкөдө  бир канча чакан туристтик компаниялар пайда болгонун жана алар ички рынокко иштей баштаганын белгилеген доц., докт. Бакыт Турдумамбетов төмөнкүлөргө токтолду: «Дарыгерлердин айтымына жана башка көптөгөн изилдөөлөргө караганда, Ковид 19 илдети  өпкөгө зыян бергендиктен, аны өз калыбына келтирүү үчүн дарылануудан сырткары таза аба да өтө пайдалуу болуп саналат. Ошол себептүү пандемиядан кийин  ички рынокто табиятка чыгуу суроо-талабы аябай көбөйдү. Айта кетчү нерсе, эгерде Батыш өлкөлөрүндөгү  адамдар  пенсияга чыгышары менен сөзсүз саякаттай баштаашат, Чыгыш өлкөлөрүндө да ушундай, бир жыл иштегенден кийин өздөрүнө тыныгуу берип саякатка чыгууга аракет кылышат. Ал эми бул көрүнүш кыргыз менталитетинде да өнүгүп келатат.  Азыркы учурда биздин жергиликтүү калкыбыз дагы  саясатка чыгышат, же болбосо, жок дегенде, Ысык-Көлгө барышат. Мурда биздин өлкөгө башка мамлекеттерден келген туристтердин саны жергиликтүү туристтерге караганда алда канча көп болчу. Ал эми жакынкы жылдарда жергиликтүү калкыбыздын  тоо лыжа базасына жана ошондой эле пляждарга келгендерин көп көрөбүз. Бул албетте, жакшы көрүнүш десем жаңылышпайм», -деп айтты.

**«Биздин салымыбыз – 5 тил билген адистерди даярдоого аракет кылганыбыз»**

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин Кыргызстандын туризм тармагына кошкон эң чоң салымы бул – мыкты адистерди даярдап бергенге аракет кылып жаткандыгы дейт доц.докт. Бакыт Турдумамбетов: «Биз болгондо да 5 тил (эне тилибиз, орус тили, түрк тили, англис анан немец тили) билген мыкты адистерди даярдоого аракет кылып жатабыз. Биздин факультеттин студенттери 2-курстан баштап, Туркиянын беш жылдыздуу отелдеринде, 3-курста болсо, чет тилдерин жакшы билгендери Германияга жана Америкага чейин барып практика өтөп келишет. Биздин факультеттин студенттер үчүн эмгек рыногунда суроо-талаптар өтө көп. Мисалы: бүтүрчүлөрүбүздүн 80%ы учурда  өз кесиби менен иштеп жүрүшөт. Бирок ушуну менен катар бир маселени айтып өткүм келип турат. Биздин бутурчүлөрдүн көбү Туркиянын, Германиянын жана башка мамлекеттердин туризм рыногунда иштеп жатышат. Бирок, ал жактан тажрыйба жана ошондой эле иштөө технологияларын үйрөнүп, кайра өзүбүздүн мамлекетке келишсе жакшы болмок дегим келет. Себеби бизде туристтик сезон учурунда региондорду айтпай эле коёюн, ошол эле Бишкекте адистер жетпей калат. Кыскасы, бүтүрүүчүлөрүбүз Кыргызстандын экономикасына салым кошуп, өлкө туризминде көбүрөөк иштешсе жакшы болмок», - деген тилегин билдирди.

Андан сырткары Кыргызстанда туризмди өнүктүрүү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөрүн жана КТМУнун Туризм факультети 2007- жылдан бери Кыргыз Туроператорлор Ассоциациясынын (КАТО) мучөсү катары бул сектордо тыгыз иш алып барып жаткандыгын кошумчалап өттү. Аны менен катар аталган факультет Кыргызстан жана Түркия мамлекеттери ортосунда ар кандай илимий-практикалык семинар, конференция ж.б.у.с. иш-чаралар  өткөрүлүп тураарын айтты. .

Алтынга тете убактысын бөлүп, биз менен Кыргызстандагы кышкы туризм тууралуу кызыктуу маалыматтарды бөлүшкөнү үчүн «Манас» гезитинин атынан КТМУнун туризм факультетинин доценти докт. Бакыт Турдумамбетовго ыраазычылык билдиребиз.



КАБАР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА

# Пандемия дүйнөсүнө салам

Ковид пандемиясынын 3-толкунунда бүткүл дүйнөдөгүдөй эле Кыргызстанда дагы вирусту жуктургандардын саны абдан өстү. Ооруканалар тыным албай жан үрөп иштешти, жашоо ушунчалык тез уланып жатты. Жаңыл Умуралиева "пандемия дүйнөсүнө" саламын айтып турган наристенин көз ирмемдерин сүрөткө түшүргөн.

**Умуралиева Жаңыл, РТС 4-курс**













• КТМУнун атынан гезит ээси

Ректор, проф. док. Алпаслан Жейлан
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Кеңешчи тобу
Доц. док. Эрдоган Акман
Доц. док. Гөкче Йогуртчу
Доц. док. Ниязи Айхан
Улук окутуучу док. Бакыт Орунбеков

• Басма сөз координатору
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Редактордун орун басары
Гүлдана Нурмухаммед кызы
Мехрафруз Набиева

• Котормочулар
Алтынай Нурдинова

• Дизайнер
Улук окутуучу Равшан Абдуллаев
Жамол Абдрахманов

• Корреспондеттер
Акматалиева Канышай
Маматова Айгерим
Бекишова Элиза
Мусалиева Айдана
Замирбекова Айгерим
Замирбеков Жакшылык
Нурбек уулу Эсенбол
Абдыкалил кызы Айзирек
Кабылова Мээрим
Мамедова Раяна
Айбек кызы Албина
Айнур Абитова

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164

# QS рейтингинде «Манас» университети 156-орунга көтөрүлдү




**Кыргызстан-Түрк «Манас» университети (КТМУ) QS (Quacquarelli Symonds) рейтингинде Чыгыш Европа жана Орто Азиядагы эң мыкты 451 университеттин ичинен 156-орунга ээ болду.**

КТМУ 2020-жылы эң мыкты 400 университеттин арасында 183-орунга, ал эми 2019-жылы 350 мыкты университеттин ичинен 190-орунга ээ болгон.

QS тизмесинде 30 өлкөнүн университеттери бааланат. Тизмеге Казакстандан 34, Кыргызстандан 2, Өзбекстандан 4, Тажикстандан болсо 1 университет кирген. КТМУ Орто Азиядагы университеттердин арасында 13-орунда турат.

Быйыл QS рейтингиндеги 451 университеттин ичинде Орусиядан 129, Түркиядан 66 университет тизмеде орун алган. Түркиядагы университеттердин тизмеси боюнча КТМУ 16-орунда турат.

QS рейтингинде университеттер 10 критерий боюнча бааланат. Бул критерийлердин арасында «университеттин академиялык аброюнун индекси, иш берүүчүлөр арасындагы аброюнун индекси, академиктердин студенттердин санына болгон катышы, илимий басылмалардын цитата индексинин академиктердин санына карата катышы, окуу жайдын академиялык репутациясынын индекси жана университеттин интернет баракчасынын индекси» бар.

КАБАР: МЕДИАМАНАС

# "Манас" гезитинин студенттеринен кайрымдуулук



**2021-жылдын 3-декабрында университетибиздин "Манас" гезитинин студенттери кенже илимий кызматкер Зеки Окийайдын жетекчилигинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды майрамы менен куттуктоо үчүн "Януш Корчак" атындагы реабилитацялык борборго барышты.**

Бул борбордун окуучулары тарабынан келген коноктorго чакан концерт уюштурулду. Иш-чарага башка окуу жайдын да студенттери жана окутуучулары катышты.

Программанын жүрүшү ар кандай шаңдуу ырлар, бийлер жана куттуктоолор менен коштолду. Окуучулар ар түрдүү таланттарын көрсөтүштү. Кол өнөрчүлүк өнөрлөрүн да көрсөтүштү.

Программанын жыйынтыгында реабилитациялык борбордун окуучусу ошондой эле «Манас» гезитинин каарманы Халикова Маликага гезиттин жаңы нускасы белекке берилди. Андан тышкары башка окуучуларга студенттерибиз атайын белектерди тапшырды. Аны менен бирге каалоо-тилектер айтылып, концерт шаңдуу маанайда сүрөткө түшүү менен аяктады.

КАБАР: ГҮЛДАНА НУРМУХАММАД КЫЗЫ, МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА

# Манастын студенттери "КМШнын мыкты студенти" аталды



**2022-жылдын 17-20-январь аралыгында Казакстандын борбору Нур-Султанда студенттердин эл аралык бирикмесинин колдоосу менен Көз Карандысыз Мамлекеттер Шериктештигиндеги (КМШ) өлкөлөрдүн мыкты студенттерин аныктоо максатында "Бобек" улуттук кыймылы" (КМШ коомдук гуманитардык жана техникалык илимдер конкурсун уюштуруу борбору) студенттердин керектүү документтерин кабыл алды. Кабыл алынган документтер боюнча "Мыкты студент" наамына татыктуу болгондорго сыйлыктар тапшырылды.**

Аталган сыйлыкка Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин доц., докт. Ниязи Айхандын жетекчилигинде даярдалган 4 студентибиз татыктуу болушту. Алар: Коммуникация факултети журналистика бөлүмүнүн 3-курсунун студенттери Гүлдана Нурмухаммад кызы, Малика Нурланова, Бегимай Бейшембаева; Радио, телевидение жана киномотография бөлүмүнүн 4-курсунун студенти Медина Базарбаева.

«Бобек» улуттук кыймылы» борборунун колдоосу менен уюштурулган «Мыкты студент» конкурсунда сыйлыкка ээ болуу үчүн билим, искусство, спорт тармактарында ийгилик жараткан талантуу студенттер, ар түрдүү уюмдун төрагалары жана активисттери өз талапкерлигин коюшкан.

КМШ өлкөлөрүнүн жеңүүчүлөрүнүн эмгектери «КМШнын эң мыкты студенти» китеп жыйнагынын төртүнчү санына жарыяланат. 2022-жылдын 3-мартында өтө турган сыйлык тапшыруу аземинде китептин бир нускасы, атайын даярдалган «Мыкты студент» төш белгиси жана I, II, III даражадагы дипломдор, аны менен бирге студенттердин илимий жетекчиси доц. док. Ниязи Айханга ыраазычылык барактары тапшырылат.

Белгилей кетсек, былтыр дагы ошол эле КМШ өлкөлөрү тарабынан уюштурулган «Мыкты студент» сынагында коммуникация факултетинин студенттери Малика Нурланова менен Мадина Базарбаева сыйлыкка ээ болушкан.

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА